***Ж. Артыкова,***
*К.Карасаев атындагы*
*Бишкек гуманитардык университети*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАДАНИЙ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮН ЧАГЫЛДЫРГАН БЕЙВЕРБАЛДЫК КАРАЖАТТАРДЫН «МАНАС» ЭПОСУНДА БЕРИЛИШИ

Бейвербалдык пикир алышуу – тил сыяктуу эле этностун салт-санаасы жана маданияты тууралуу маалыматтын булагы болуп саналат. Ошондой эле бейвербалдык пикир алышуунун белгилери, этностун тили сыяктуу эле жашоо-турмуштун жүрүшү тууралуу да маалымат боло алат. Дүйнө жүзүндөгү элдер бири-биринен тили жагынан гана айырмаланбастан, дүйнө таанымы боюнча да өзгөчөлөнүп турушат. Этникалык дүйнө таанымы жаратылыш жана адамдар дүйнөсү жөнүндөгү билимдердин жыйындысы аркылуу аныкталат.

Бейвербалдык пикир алышуу этнография менен тыгыз байланышта, жана да материалдык дүйнөдөгү буюмдар гана эске алынбастан, андагы ритуалдар, жөрөлгөлөр, мифтер да каралат. Адамзат тарыхынын алгачкы доорлорунда *ритуалдар* адамдардын маданиятынын бейвербалдык тексти болгон. Ал эми ритуалдарды билүү адамдардын маданиятын жана коомдук ордун айгинелейт. Ошентип, ритуалдар мааниси боюнча маданий-этникалык баалуулуктарды камтып турат [1: 8].

Жашоодо пикир алышууда кеп канчалык маанилүү болсо, адамдын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын, кубанычын, бир нерсеге кабатырлануусун туюндурууда каада-салттык жөрөлгөлөр ошончолук маанилүү. Кептен айырмаланып, каада – салттык жөрөлгөдө адамдын кудай алдындагы, кимдир бирөөнүн, же табият алдындагы жоопкерчилик сезими камтылат. Табышмактуу, сырдуу кыймыл-аракет, ырым-жырым аркылуу каада-салтта өмүр менен өлүм, аалам менен жердин ортосундагы байланыш туюндурулат. Сөз кептин бирдиги болсо, жөрөлгөдөгү образдуу кыймыл-аракет, символдук белги, атрибуттар улуттук каада-салттын бирдиги катары кызмат кылат. Каада-салттык жөрөлгөдө *сезим* логикалуу түрдө чагылдырылгандыктан, сырдуу кыймыл-аракет, ырым-жырымдарды сезимдин артикуляциясы катары кароого болот. Мындай артикуляцияны кадимки эмоция эмес, татаал туруктуу мамиле түзөт. Каада-салтта эмоция эркин туюндурулбастан, жөнгө салынган туруктуу *мамиле* аркылуу чагылдырылат [2: 29].

Улуттун белгилерин, анын байланыш кебиндеги маданий өзгөчөлүктөрүн, өз ара алака мамилесин, жүрүм-турумдарын тилдин ички түзүлүшү аркылуу гана изилдебестен, ошол вербалдык эмес каражаттарынын негизинде изилдешет [3: 102].

Ар бир маданияттын өзүнө гана тиешелүү кайталангыс стереотиптүү дененин кыймыл абалдары болот. Алар жаш өзгөчөлүктөрүнө, жынысына, социалдык иерархиялык абалына жараша колдонулуп, өзүнчө жазылбаган закон катары жашап, салттуу көрүнүш катары муундан-муунга өтүп жашап келет. Бейвербалдык белгилер кепти коштоп жүрсө да, кепке карата негизги орунга ээ болсо, кеп ага багыныңкы абалда болот.

Казак окумуштуусу М.М.Муканов этникалык-турмуштук бейвербалдык белгилерди төмөнкүдөй топторго бөлүштүрөт: *учурашуу белгилери; ыраазычылык белгилери; улууларды жана жакындарды сыйлоо белгилери; убада жана ант берүү белгилери; жек көрүү жана басмырлоо белгилери; таң калуу белгилери, өтүнүү белгилери* [4: 110].

Кыргыз элинин этномаданияттык өзгөчөлүктөрүн кароодо биз «Манас» эпосунун негизинде сарепт салмакчыбыз. Мисалы:

**Жүгүн** – бул этиш байыркы түрк тилинде *йүкүн* түрүндө айтылган. Ошол кезде эле бул сөз кандай морфемалардан куралганы белгисиз болуп калган. Байыркы түркчө *йүкүн* сөзү андан да мурдараактагы *чөкүн* сөзүнөн келип чыккан. *Чөк* этиши байыркы кезде *тизелеп отуруу* дегенди билдирген. Ага этиштин өздүк мамилесинин *–н* мүчөсү жалганып, *чөкүн* сөзү жаралган. Мына ушул чөкүн сөзүнүн башкы ***ч*** тыбышы ***й(ж)*** тыбышына өтүүдөн *йүкүн (жүкүн)* түрүнө келген. Азыркы кезде адам жүгүнгөндө чөгөлөп отурбай, белин бир аз ийип тим болот. Ушуга карап *жүгүн* сөзү *чөгүн (чөк+үн )* сөзүнөн келип чыккан болуу керек. Замандар өтүү менен байыркы кездеги жүгүнүүнүн өзү өзгөрүп кеткен. Байыркы кезде *жүгүнүү* баш ийгендиктин бирден-бир белгиси болгон. Хандын алдында бардык кишилер чөгөлөп отуруп, башын жерге тийгизип таазим кылган. Кийин мындай жүгүнүүнүн формасы жеңилдетилип, үй-бүлөдөгү аксакалдарга, улууларга белин ийип, колун боорун алып коюу менен алмашылган жана аларга болгон сый-урматты билдирип калган [5: 107]. Мис. *Ошондо кан катыны Каныкей Кан Кошойго жүгүнүп, Тизеси жерге бүгүлүп, Бата сурап балага, Жалдырап турду ийилип* [6].

***Камчы салуу***. Камчы – ат жабдыктарынын бири. Кыргыздар эзелтеден бери камчыны колдонуучу буюм, колундагы курал катары гана урунбастан, көркөм буюм, символ катары колдонуп келишкен. Камчы мал айдоо үчүн гана колдонулбастан, эр жигиттин сүрү, куралы, бийликтин символу катары да таанылган. Жоокерчилик заманда башына коргошун уютулган камчы менен душманды жыга чапкан учурлар болгон. Кыргыздар камчынын тилеги жакшы, «наристе, эркек бала камчылансын, уулдуу бол» деп ырымдап белекке беришчү.

Эпостогу *Камчы тиштеп теминип, Жулкулдашып калыптыр* деген саптарда жоокерлердин душманы менен урушуусунда жана бири-бири менен эңишүүдө, көк бөрү тартышууда эркин кыймылдаш үчүн камчыны алакандан тиштеп алышып аракеттенишкен. Баатырлар бири-бирине сөз берип убадалашканда *камчы тиштеп* убадаларын бекемдешкен. Ошондой эле камчы күлүк, жорго аттарга жана айттырбай билген акылман адамдарга карата да айтылып *камчы салдырбаган күлүк эле* делинип даңazаланган. Далай кылымдарды кучагына камтыган теңсиздик заман учурунда айрым бийлиги катуу өкүмдарларга карата баланчанын *камчысы катуу* деген наалат айтып мүңкүрөшкөн. Ошол бийликтин белгиси катары, тигил билермандар өз атынан бирөөдөн камчысын бердирип, доосун доолап, салыгын салдырып, салам дубайын айттырып, өз пайдасындагы иштерин жүргүзүшкөн. Эпикалык даректерге караганда камчы кандайдыр бир *ченем бирдиги* катары да пайдаланылат. Олжо-мүлктү ар кимдин эрдигине жараша бөлүү деген маанини берет.

Ал эми *мойнуна камчы салуу* – баш ийүү, кечирим суроонун белгиси болгон. Эпосто бул ишарaат көп кездешет: *Камчысын салып мойнуна: «күнөөмдү кечир» -деп Чубакка, Алмамбет турду жүгүнүп* [6: 585]. Ал эми, жакшы кишиден, баатырдан, эл башчысынан тартуу, белек катары камчы же башка буюмдун берилиши бул өтө чоң сыймык катары каралып, ошол кишинин жакшы сапаттары буюму менен кошо жугат деп түшүнүп келген. *Көп сагынган балага, Баатыр камчысын берди белекке. Баатырың камчысын сунуп турганда Камчысын кармап билгизип, Семетейдин чекесине тийгизип* [6: 945]. Кичинекей ымыркайдын, жаш баланын четине камчыны тийгизип коюу кинемасы аркылуу, бул ошону эркелетип, өтө жакшы көрүп, берилгендиктин белгиси катары кабыл алынган. Анткени, сугу түшүп мерт болуп же ооруп калбасын деп, наристени баатырлар, чоң кишилер өпкөн эмес, камчысын чекесине тек гана тийгизүү менен чектелген.

Ошондой эле, үйдүн ээсин кемсинтүү, теңсинбөө, сыйлабоо, ачуулануу маанисинде ***камчысын сүйрөп кирүү*** кыймылы да бар. Камчы сүйрөп кирүү – душмандыкты билдирүү. Үй ээси менен келише албаган, уруш, жаңжал чыгаргысы келген, камчысын колунан түшүрбөй кыйкымдуу учурду күткөн адамдын кыймыл-аракет ишаараты болуп саналат [7: 665], *Айыбына Манасты Ошол бурут бербесе, Камчы сүйрөп киргиле, Кызыталак буруттун Как куйкасын тилгиле* [6: 120].

**Кур салуу** – толук багынганын билгизип, кулдук уруп айыбы, кылмышы үчүн бирөөлөрдөн кечирим суроо. Кудай жана башка жогорку күчтөрдөн кандайдыр бир көмөк, жардам сурап тиленгенде жасалган жөрөлгө. Манас эр жетип, катылган кара кытай, калмактардын катыгын берип, жоосу да, досу да көбөйүп турган чакта Алтай жериндеги кыргыз, казак элинини аксакалдары чогулуп, Ала Тоого кетүү үчүн кеңешкенде: *Мойнуна курун салынып Боздоп турду Бай Жакып Жаратканга жалынып* [8: 218]. Мында кыйналып, айласы кетип тургандыктын белгиси катары берилсе, ал эми бул учурда бир аз башка маанини камтып турат: *Кашкайып күлүп сүйүнүп, Боз кисесин тагынып, Туура тартып Алмамбет түйгүнду: «Батаң бергин!» -деп, Мойнуна курун салынып, Батасын сурап Манастын, Карап турду жалынып* [6: 572]. Алманбет өзүнө ак жол тилеп, хандын уруксатын, өзүнүн оюна анын да тилектеш болушун каалап тургандыгын билдирген бейвербалдык абал.

Эпосто мойнуна камчыны, курду гана салбастан чылбырды салган учурлар да кездешет: *Бура тартып сабылып, Бугу тери чылбырды Мойнуна турду салынып* [6: 585].

Кыргыз элинин түшүнүгүндө *моюн* эрктин, күчтүн символу. Ага кыргыз тилиндеги *моюн алышуу (абдан таттуу болуу, аябай ынтымактуу болуу) моюнга алуу, моюн бербөө, мойну катуу, моюн сунуу, моюн таптык кылуу, мойну жоон, моюн толгоо, моюнга түшүү, моюну жар бербөө, мойнуна минүү, моюнуна сорпо төгүлүү, мойнунда карызы бар* деген сыяктуу туруктуу сөз айкаштары далил боло алат. Ошондуктан камчыны да моюнга салып келишсе керек. Бул кыймылды жасаган адам эч нерсе деп сүйлөбөсө да, карап турган адам анын маанисин дароо түшүнгөн.

Ушул эле учурда моюнга байланыштуу болгон дагы бир кыймылга токтой кетсек, бул - ***моюн сунуу.*** Ал аркылуу башка бирөөнүн айтканына, койгон талабына макул болуу, баш ийүү, көнүү, каршылык көрсөтпөө дегенди билдирет [7: 251]. *Моюн сунуу* бул жерде түз да, өтмө да маанилеринде туюнтулуп турат. Соматикалык фразеологизмин карасак, кадимки эле мойнун алдыга карай бир аз сунулган абалынын бара-бара өтмө мааниге ээ болушунан улам пайда болгон туруктуу сөз айкашы. *Атагы кайып болгондун Эч кайсысы калбастан Айбатына барганы - Моюндарын сунушуп, Таазим кылып турушуп* [8: 1047].

**Эки колун бооруна алуу** – *колун Жетелеген чоң Кула ат, Тартуу кылып дардайып, Эки колу боорунда, Акка моюн буруптур* [8: 259]. Илимпоз Ч.Белл билдиргендей: Кол – адамдын мүнөзүн өзгөчө таамайлык менен көрсөтөт дейт. Маданияттын тарыхында байыртадан бери эле сүйлөнгөн сөзгө карата эле эмес, ар бир аткарылган ишаараттарга, дененин кыймылына да чоң көңүл бурулуп келген. Анткени, изилдөөлөр боюнча, сүйлөөчү тарабынан айтылган ойдун 30% ы тыңдоочуга сөз каражаттары аркылуу жеткирилсе, 70% ы колдун, баштын, көздүн, ооздун, ымдоо-жаңсоолору, кыймыл-аракеттери, ишараттары, дене-мүчөнүн кыймылдары (кинемалары) жана үн-дабыш, интонацияга (фонация), көздүн интерактивдик, визуалдык сүйлөшүүсү (окулесика), ар кандай жыттардын негизинде информациянын берилиши жана алынышы (ольфакция), тамак-ашка байланыштуу эрежелер, этикеттер, конокту сыйлоонун жол-жобосу (гастика), бир адам экинчисине колдорун тийгизүүсү, ошол аркылуу оюн билдирүүсү (гаптика), сүйлөшүп жаткан адамдар бири-бири менен колдору аркылуу учурашып, денеси менен кучактышып турушу (такесика), коммуникациялык маалымат алмашуу мезгилиндеги адамдардын ортосундагы аралыкка болгон көз карандылыгы (проксемика) сыяктуу бейвербалдык каражаттар аркылуу жеткирилип тураарын көрсөткөн [9: 15]. Кыргыз элинде да бекеринен *көзмө-көз, оозмо-ооз сүйлөшүү, ийри отуруп, түз кеңешүү, көзгө карабай, жер карама экен, айдаганы беш эчки ышкырыгы таш жарат, мурдунда жыты жок* деген сыяктуу сөз тизмектери, адамдын жүрүм-турумуна карата айтылып келет. Мына ушул жагдайды түшүнгөн Дж. Бонифацио "Сезимдин искусствосу" (1616.) деген трактатында, *тил кулакка эмнелерди гана айтпасын, кол да көзгө ошондой нерселердин баарын айтат* деп белгилейт. Ал сыңары, колдун ар бир кинемасы тил менен параллелдүү түрдө сүйлөп, ошол адамдын кулк-мүнөзүн, тарбиясын, билим деңгээлин, социалдык абалын, эмоциясын, ички-жан дүйнөсүндө эмне болуп жаткандыгын көз алдыңа тартып берээри бышык. Мына ушул, жогоруда айтып кеткен *кол куушуруу* кыймылы аркылуу – ызаат-сыйды, кичи пейилдикти, улууга урмат, кичүүгө ызаат кылуунун эң бир бийиктикке жеткен жери катары көрсөк болот. "Манас" эпосунда бул салттык кыймыл көбүнчө эл башында турган адамдарга, баатырларга, жашы улуу адамдарга жана да, эң көп Манас баатырдын өзүнө карата сыйлоо сезимин билдирген кинема катары кездешкен.

***Ант*** – эч качан бузулбас, салттык ыйык убадабүтүм, шерт, касам. Ант жоокерчиликте, достукка бекем болууда, ар кандай жашыруун ишти аткарууда берилген. Байыркы кыргыздарда баатырлар элдин эркиндиги, намысы үчүн жоого каршы аттанаарда жан аябаска, максатты орундатууга, шартты бузбоого *ок тиштешип же кылычтын мизин өбүшүп* ант беришкен. Магиялык касиети бар катары, аксак сары атты ортого коюп достошуу салты болгон [10: 92]. Ошондой эле *ак буудай чайнашып, чыбык кыйышып* да ант беришкен: *Өлүп кетер шерт кылып: «Ала болуп кеткенди Азыр антты урсун!» деп, Ак буудай унун чайнашып колду бекем кармашып: «Эреже мындай болсун», – деп, Эстүүлөрүн жыйнашып, Он эки кандын баарына, Карматып чыбык кыйышып, Убадалуу тунуктар Ушундай дешти улуктар* [6: 406].

Мындан эки жүз жыл илгери эле М.В.Ломоносов: «...сүйлөө кебибизден сырткары да оюбузду колдун, буттун, беттин ж.б. ар түрдүү дене кыймылдарынан, театрдагы пантомимо сыяктуу көрүнүштөй көп нерсени жеткизип, ошол эле ымдоо-жаңсоолордон түшүнсөк болот...» деген [13: 82]. Ошондой эле окумуштуу Н.Марр *колдун тили* дегендей, ал аркылуу көп нерсени аңдап түшүнүп, улуттун, элдин дүйнө таанымын, дүйнөгө болгон көз карашын колдун кыймыл-жаңсоолорунан аңдып билип, туйса болоорун көрдүк.

Бейвербалдык каражаттар бара-бара таптакыр экинчи бир маани-мазмунга өтүп, нукура, таза атабабадан мурас катары калган, маданий көрөңгөбүздү чагылдырган, улуттук нарк-насилибизди кармап турган, дүйнө таануубуздун өзгөчөлүгүн далилдеген күч мына ушул эпосто сакталып калгандыгын көрүүгө болот.

***Адабияттар***


1. Колшанский Г.В. Паралингвистика. – М.: Ком Книга, 2010.
2. Төлөкова Э.Т. Кыргыз тилиндеги «бала» концепти (лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча). Фил.илим.канд.окум.дараж.алуу үчүн жаз.диссерт. – Б.: 2011.
3. Ботобекова Т.А. Ишаарат сырлары. – Б., 2002.
4. Муканов М.М. Этнопсихологическая специфика невербальных коммуникантов знаков // Психология.- Вып.2. - Интеллект и речь. - 1972. - С.109-117.
5. Сейдакматов К Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Ф.: Илим, 1988.
6. Каралаев С. Манас. –Б.: Турар, 2010.
7. Кыргыз тилинин сөздүгү - I том. – Б.: AvrasYa press, 2011.
8. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Б.: Хан-Теңир, 2010.
9. Пиз Аллан, Пиз Барбара. Язык телодвижений. – М.: Эксмо, 2012.
10. «Манас» энциклопедиясы / Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Б.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, - 1995. 1-т.
11. Карасаев К. Накыл сөздөр. – Ф.: Кыргызстан, 1982.
12. Лабунская В.А. Невербальное поведение. – Ростов на Дону: Изд-во Ростовского университета, 1986.
13. Успенский Л. Слова о словах. – М.: Молодая гвардия, 1960.